# Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун перспективасы

**ЖӨАБ органдарынын башчыларын дайындоо/шайлоо усулдарына (механизмдерине) байланыштуу Кыргыз Республикасынын шаарларынын жана айылдарынын жашоочуларына жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн тыянкаторы боюнча отчет**

Өнүктүрүү саясат институту

Бишкек - 2010

**ЖӨАБ органдарынын башчыларын дайындоо/шайлоо усулдарына (механизмдерине) байланыштуу Кыргыз Республикасынын шаарларынын жана айылдарынын жашоочуларына жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн тыянкаторы боюнча отчет**


| | |
|---|---|
| Басып чыгаруучу: | Өнүктүрүү саясат институту |
| Иштеп чыккан: | Сабина Градваль |
| Редактор: | Надежда Добрецова |
| Аймактык иштер: | «Альянс «За прозрачный бюджет» ЮТП |
| Фокус-группалар: | Айбек Базарбаев, Азамат Акмолдоев |

**Бул басылма БУУнун Өнүктүрүү Программасынын жана АКШнын Элчилиги астындагы Демократиялык комиссиянын каржылоосу менен жарык көрдү. Басылмадагы айтылган ойлор жана көз караштар каржылоочу тараптардын ойлору жана көз караштары менен сөзсүз эле дал келе бербейт.**


## Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)

ӨСИ — бул мыйзам иштеп чыгуу, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун өнүгүүсү, стратегиялык пландоо, экономикалык өнүгүү жана маалымат алмашуу чөйрөлөрүндө көп жылдкы иш тажрыйбасына ээ болгон эксперттерден түзүлгөн уюм.

ӨСИ миссиясы — Кыргыз Республикасынын жана децентралдаштыруу жана өз алдынча башкаруу, жергиликтүү экономикалык өнүгүү жана жергиликтүү маанидеги кызматтарды өнүктүрүү, маалымат чөйрөсүн кеңейтүү жана экономикалык журналистиканы өнүктүрүүнү колдогон эл аралык донор уюмдарынын жетишкендиктерин андан ары улантуу.

## ИНСТИТУТТУН ИШ-АРАКЕТТЕРИНИН БАГЫТТАРЫ:

- Саясий, административдик жана финансылык децентралдаштыруу.
- Улуттук жана жергиликтүү мыйзам чыгаруу.
- Мамлекеттик жана жергиликтүү финансыларды башкаруу.
- Жергиликтүү экономикалык өнүгүү.
- Коомдук мүлктү башкаруу жана коомдук жана жеке секторлордун өнөктөштүгү.
- Муниципалитеттерди өнүктүрүү жана алга карай жылдыруу.
- Муниципалдар аралык катнаштар жана байланыштар.
- Маалымат алмашуу жана жарандардын катышуусу.
- Турак-жай саясаты жана турак-жай ээлеринин кызматташтыгы.
- Экономикалык журналистика.
- Аймактык  (жергиликтүү) ММК өнүктүрүү.

***Урматтуу Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери, шаар жана айыл тургундары!***

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата болгон Конституциялык жобо, ЖӨБ жөнүндө жаңы мыйзамды өзгөчө кылдаттык жана терең ойлонулган мамиле менен иштеп чыгууну талап кылуучу түрдө берилген. Жалгыз гана мыйзам ЖӨБ органдарынын реалдуу иштөө механизмин аныктай алат, жана, ошол себептен, эң татаал суроолор жана маселелерге болгон өз көз карашыбыз тууралуу биз бүгүн ойлоно башташыбыз керек. Келечектеги жергиликтүү өз алдынча башкаруучулук жөнүндө мыйзам кыргызстандык коомчулуктун кызыкчылыктарына жана керектөөлөрүнө, өлкөнүн тарыхый өнүгүүсүнүн жана бүгүнкү күндөгү абалдын чакырууларына мүмкүн болушунча толук жооп берүүсү үчүн, Өнүктүрүү саясат институту БУУнун Өнүктүрүү Программасынын жана АКШнын Элчилиги астындагы Демократиялык комиссиянын колдоосу менен, Кыргыз Республикасынын жарандарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун азыркы жана келечектеги системасына карата болгон мамилесин аныктоо максатында изилдөө жүргүзгөн.

Изилдөөнүн максаты – жергиликтүү кеңештердин жана муниципалдык кызматкерлердин профессионалдык чөйрөсүндө жана коомчулугунда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эртенки күнүнө карата приоритеттерди аныктоо жана конструктивдик талкууну жаратуу болгон.

Аталган басылма биринчи кезекте, болочок мыйзамды иштеп чыгууга катыша турган ЖӨБ тармагындагы кызматкерлерге жана көз карандысыз эксперттерге багытталган. Мындан сырткары, изилдөө саясий партиялардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга жана өлкөнүн өнүгүүсүндө анын ролуна карата болгон позицияларына түрткү берүүчү фактор болуп калуусу ыктымал.

2000-жылдан кийин Кыргызстан жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө анык алга жылуу кадамын жасап, кээ бир жерлерде бир катар көзгө көрүнөөрлүк алгылыктуу ийгиликтерге жетише алды. Бул ийгилик бардык эле жерде байкала бербегендиги, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каршылаштарына ЖӨБ системасынын өнүгүү горизонтторун тар кылып көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн берип койду. Бүгүнкү күндө жаңы Конституция бизге өзүбүз жетишкен деңгээлге кайрылып барып, андан ары алга карай жылуубузга жол салып жатат.

Биз, Кыргызстандын ЖӨБ тармагындагы профессионалдары, коомчулуктун кеңири катышуусу менен, жергиликтүү иштерди башкаруунун жетишерлик эффективдүү системасын түзүү мүмкүнчүлүн камсыздай турган мыйзамкерчилик негизин кабыл алууга, цивилизациялык талкуу аркылуу өздөрү да даярданып, аны менен катар коомчулуктун да пикирин даярдай ала тургандыгына терең ишенебиз.

Бул басылма мыйзам чыгаруучуга жаны мыйзамды жазууда жарандардын жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин күтүүлөрүн жана артыкчылыктарын эске алынат деп ойлойбуз. представленные в настоящем исследовании.

**Өнүктүрүү саясат институтунун командасы**

## Сурамжылоону өткөрүү ирээти

Анкетаны иштеп чыгууда ӨСИнун эксперттери жана юристтери, Конституциялык Кенешменин жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча Жумушчу тобунун мурдагы мүчөлөрү катышты. Андан сон, суроолорду так жана бирдей мааниде түшүнүү боюнча тестирлөө жана ондоо иштери жүргүзүлдү. Айыл тургундары үчүн административдик-территориалдык бирдиктерди айыл денгээлинде кошуу зарылчылыгы жана аталыштарынын түрлөрү тууралуу кошумча суроолор кошумча киргизилген.

Изилдоо Кыргыз Республикасынын шаар жана айылдарынын көчөлөрүндө жеке сурамжылоо аркылуу, “Альянс за прозрачный бюджет” юридикалык тараптардын биримдиги тарабынан жүргүзүлгөн. Ачык жоопторду алуу үчүн, сурамжылоо анонимдуу болду. Сурамжылоону жүргүзүү мезгили – 2010 жылдын 4 июнунан 1 июлуна чейин.

Изилдөөнүн алкагында 2001 адам сурамжыланып, алар Кыргыз Республикасынын жети облусунун 25 шаар жана 53 айылдык округдарынын тургундарынын окулдорун камтыган.

Сурамжылоо аяктап, алынган маалыматтар Excel таблицаларына киргизилгенден кийин, киргизилген маалыматтын тактыгы (так эместиги) текшерилип, тууралаган жооптор ондолгон. Иш-чаралардын акыркы этабы болуп маалыматтарды жалпылоо, анализдоо жана отчет жазуу болду.

Отчет жазууда ӨСИ тарабынан 2010 жылдын май айында учурда иштеп жаткан жана мурда иштеген ЖӨБ органдарынын башчыларынын арасында өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары да колдонулду (200 респондент: 24 шаардын жана 176 АО башчылары).

Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ош, Баткен, Нарын, Талас жана Ысык-Кол облустарында өткөрүлгөн фокус-группалары да маалыматтын кошумча булагы болуп бере алды. Фокус-группалар атайын даярдалган юристтер тарабынан өткөрүлүп, жергиликтүү башкаруу органдарынын, ММК жана өкмөттүк эмес уюмдардын 70тен ашуун активдүү өкүлдөрүн камтыды.

## Изилдөөүнүн негизги тыянактары

- **Респонденттердин көбү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу - тескөө органдарынын (АТО) башчыларын шайлаш керек дегенге кошулат.**
- **Калк өзүлөрүнүн башчыларын/мэрлерин түз шайлоо аркылуу шайлоону жакты-рышат.**
- **ЖӨАБ АТО башчылыгына талапкерди «коомчулук» аркылуу алып чыгуу жөөндүү жол деп аташты.**
- **Кээ бир суроолорго ар кайсы региондордун ой пикирлери бири биринен айырма-ланып турат**
- **Айылдык округдарды кошуу (укрупнение) керек деп көбү эсептешет бирок Та-лас жана Чүй областарындагы айылдардын жашоочуларынын көбү буга макул эмес.**
- **Суроолор боюнча ЖӨАБ органдардын башчыларынын жана калктын ой пи-кирлери бирдей. областарынын ЖӨАБ өкүлдөрү дайындалыш керек деп жооп беришти, ал эми, ал жердеги жарандар түз шайлоону колдоп чыгышкан.**

## Географиялык камтуу


Кыргыз Республикасынын ар кайсы областтарынан, райондорунан 25 шаар жана 53 АОнун жашоочулары катышты. Төмөндө географиялык камтуу боюнча диаграмма көрсөтүлгөн.




## Респонденттердин характеристикасы

Сурамжылоодо шаардын жана айылдык округдардын жашоочулары катышты. Респонденттердин 40% эркек жана 60% аял.


Респонденттердин жашы боюнча үч категориядагы адамдары катышты: 33% - 30 жашка чейин, 36% - 31 жаштан 55 жашка чейин, жана 31% - 56 жаштан өткөн адамдар.




Суралгандардын ичинен студенттер (10%), бюджетниктер (21%), жеке бизнесте иштегендер (жалданып иштегендер – 15%), өз алдынча (бизнес ээлери, ЧП, фермерлер – 19%), пенсионерлер (16%) жана жумушсуз адамдар (19%).

## Сурамжылоонун жыйынтыгы

### Шайлообу же дайындообу?





Баардык 1386 респондент ЖӨБ органдарынын башчыларын шайлаш керек деп добуш беришти, ал 69,3% түзөт. Шаар тургундары айыл тургундарына караганда шайлоону колдоо деңгээли төмөнурөөк шаар -68%, АО-72% шайлоо үчүн добуш беришти.

ЖӨАБ органдарынын башчылар калк менен солидардуу, бирок ошол эле суроого такыр башкача жооп алынды. Сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу жана тескөө органдарынын өкүлдөрүнүн 87% шайлоо үчүн, ал эми 13% дайындоого добуш берген.

Региондорду бөлүп карасак республикабыздын баардык областтарындагы айылдардын респонденттери шайылоо үчүн деп добуш берген. Салыштырып көрсөк шайлоо үчүн деп добуш бергендердин ичинен эн көп пайызды көрсөткөндөр Жалал-Абад областындагылар 82%, ал эми эн аз пайызды көрсөткөндөр болуп Нарын областындагылар 56%. Ошол эле убакта 88% ЖӨБ органдарынын башчыларынын 88% шайлоо үчүн добуш берген. Нарын областындагы жашоочулар менен башчыларынын добуштук айырмасы – 33 пайызды түзөт. Жалал-Абад областында бул айырма 10% түзөт (шайлоо үчүн 92% АО башчылары, 82% калк добуш берген). Ош областын алсак ЖӨАБ органдарынын башчылары менен калктын добуштук айырмасы 29% түзөт: 59% калк, 88% башчылар шайлоо үчүн деп добуш беришкен. Ал эми Чуй областында болсо айырма 25% түзөт: 71% калк, 96% АО башчылары.


Бул маселе боюнча шаар жашоочуларынын көз карашы түрдүү. Баткенде 65% жашоочулары, Исфананын 55% жашоочулары, 55% Караколдун жашоочулары, 70% Нарындын жашоочулары шаардын мэрлерин же башчыларын дайындаш керек деп добуш беришкен. Сүлүктү шаарынын жашоочуларынын жарымы шаар башчыларын дайындоого, жарымы шайлоого добуш беришкен.

Шопоков жана Токмок шаарынын 100% жашоочулары шаар башчыларын жана мэрлерди шайлоо керек деп дубуш берген. Ушуну менен бирге кийинки шаарлардын жашоочулары Кара-Куль – 95%, Кант – 95%, Кара-Балта – 93%, Майлуу-Суу – 93,3% шайлоо үчүн добуш беришкен.




## Шайлообу же дайындообу?

Төмөндөгү диограммада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын дайндоо же шайлоо үчүн берилген калктын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү берген добуштарынын айырмасы аймактарга болуп көрсөтүлгөн. Көрсөтүлгөндөй аймактардыгы калк жана башчылардын көбү шайлоо үчүн добуш беришкен. Кантсе да, Нарын жана Ош областарынын жашоочулары шайлоо үчүн жергиликтүү бийликтин башчыларына караганда көбүрөөк добуш беришкен.





## Эгер дайндалса, ким аркылуу?

Респонденттердин жалпы санынан (615 адам) шаар башчылары/мэрлер дайндалышы керек деп эсептешет, алардын ичинен 199 (32,2%) президент аркылуу, 210 (34,3%) премьер-министр аркылуу жана 203 (33,2%) аким аркылуу дайындалышы керек деген ойдо. Шаар жана айыл жашоочуларынын башчылар ким аркылуу дайындалышы керек дегенге жооптор айырмаланып турат. Шаар жашоочулары төмөндөгүдөй артыкчылыктарды койгон: премьер министр, президент, аким. Айыл жашоочуларынын артыкчылыктары төмөндөгүдөй: аким, премьерн-министр, президент. Бул Кыргыз Республикасындагны мамлекетти башкаруу системасынын айырмасын жана шаардын айылдын тургундарынын башкача кабыл алуусун түшүндүрүп турат.




## ЖӨБ башчылары жергиликтүү кенештин депутаттарынын ичинен чыгышы керекби?

796 адам 40% (АО – 42%, шаар – 33%) ЖӨАБнун башчылыгына талапкер азыркы жергиликтүү кенештин депутаттарынын ичинен көрсөтүлүүшү керек деп эсептейт. Кызыктуу нерсе, буга чейинки изилдөөлөрдө 5 респондент же болбосо 2,5% гана ЖӨАБнун башчылыгына талапкер азыркы жергиликтуу кенештин депутаттарынын ичинен чыгаш керек деп добуш беришкен.



Респонденттерге башчылыка же мэрлике талапкерди ким көрсөтүш керек деген 8 жооптуу суроо берилген. Анын ичинен эн популярдуу жооп «коомчулук аркылуу» (30%), экинчи орунда «Жергиликтуу кенештин депутаттары» (20%), үчүнчү орунда «Өзүн өзү алып чыгуу» (17%), ал эми төртүнчү орунда «Аким» (14,5%) аркылуу алып чыгуу керек деп добуш беришти.




Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчылыгына талапкерлерди ким көрсөтүш керек деген суроого мындай жооптор түшкөн:

<u>АО жашоочуларынын жооптору төмөндөгүдөй:</u>

1-орунда – «Коомчулук аркылуу», 28% баардык айыл областарынындагы айылдык округдардан. Талас, Жалал-Абад, Ысык-Кол жана Чуй областарында басымдуулук кылган.
2-орунда – «Жергиликтүү кенештин депутаттары аркылуу» 19,6% Бул жооп Нарын областыда басымдуулук кылган.
3-орунда – «Аким аркылуу», 18,8% бул жооп Баткен областында басымдуулук кылган.
4-место – «Өзүн өзү алып чыгуу»,16,7%


<u>Шаар жашоочуларынын жооптору төмөндөгүдөй:</u>

1-орунда – «Коомчулук аркылуу», 34,5% орточо эсеп менен баардык шаарларда. Бул жооп төмөндөгү шаарларда басымдуулук кылат: Балыкчы, Бишкек, Кант, Кара-Балта, Кара-Көл, Көк-Жангак, Талас, Таш-Көмүр, Токмок, Өзгөн, жана Шопоков шаарларында.
2-орунда – «Жергиликтүү кенештин депутаттары аркылуу» баардыгы 20%. Басымдуулук кылган шаарлар: Жалал-Абад, Кербен, Кочкор-Ата жана Ноокат.
3-орунда – «Өзүн өзү алып чыгуу», 18,4%, Лидерлер: Чолпон-Ата, Майлуу-Суу, Кара-Кол жана Кара-Суу
4-орунда – «Өкмөт аркылуу», 9,8%, Лидерлер: Баткен, Исфана, Сүлүктү, Кызыл-Кыя, жана Нарын
«Аким» аркылуу көрсөтүлүшү керек деген жооп 6-орунда турат, «Саясий партиялар» аркылуу 4,14%. Ошто 3,4% президент көрсөтүш керек деп добуш беришкен.


Бул сурамжылоолор айтып тургандай жарандар аткаруу органдарына караганда жергиликтүү кенештердин депутаттарына көбүрөөк ишенет..

## Түз шайлообу же кыйыр шайлообу?

Шаар жана айыл жашоочулары ЖӨАБ органдарынын башчыларын тандоо системасы боюнча жооптор окшош чыгууда. Респондентерге түз шайлоо же кыйыр шайлоону тандап бир гана добуш берүү суралган. 991 адам же 71,4% түз шайлоо үчүн добуш беришкен.





Ушуну менен бирге шаарларда 71,6% түз жайлоо деп жооп беришкен, ал эми айылдарда 71,4%. ЖӨАБ органдарынын башчыларынын жооптору талаш болуп калууда, айырма болгону 1 адам, же болбосо 50,3%, түз шайлоо үчүн 49,7%, ал эми кыйыр шайлоо үчүн 49,3% добуш беришкен.





Жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгын региондорго бөлүп карап көрсөк, ар кайсы региондо ар кандай жоотор берилүүдө. Ош областын карап көрсөк 59,5% кыйыр шайлоого добуш беришкен, ошол эле убакта Жалал-Абад областында 90% түз шайлоону колдоп добуш беришкен. Башка областардын жашоочулары көбүрөөк бөлүгү түз шайлоону колдошот.

22 шаардын жашоочуларынын басымдуу бөлүгү башчыларды жана мэрлерди шайлоону колдошот жана шайлоо калк аркылуу болушун каалашат. Кээ бир шаарларда бир аз айырмачылыктар бар мисасы Баткен, Кара-Суу жана Ош шаарларында башчыларды жергиликтүү кенештин депутаттары аркылуу шайлаш керек дегенге кошулат.




Көпчүлүк региондордо жашоочулар менен башчылардын ой пикири окшош келүүдө, ошентсе да айырмачылыктар бар: Баткен жана Ысык-Кол областарынын айылдарынын жашоочулары түз шайлоону колдошсо, ЖӨАБ башчылары кыйыр шайлоону колдоп чыгышкан (жергиликтүү кенеш аркылуу). Эки областта тен 8% талапкерди кенештип депутаттары көрсөтүш керек деп добуш беришкен. Эки областа тен ЖӨБ башчылары (Баткен областы – 92%, Ысык-Көл областы-100%) жергиликтүү кенештин депутаттарынын ичинен болушу керек деп эсептешет.



***Кыргызстанда ЖӨБ аткаруучу органдарынын башчыларын шайлоонун (дайындоонун) бирдиктүү системасы болушу керекпи же ар бир аймактын өз эрежелери болушу мумкунбу? Коомчулукка кайсы система туура келе тургандыгын аныктоону өзүнө берүү керекпи, же бирдиктүү системаны улуттук деңгээлде бекитип коюуу туурабы?***

- **Тирүү ойлор::**

Кыргызстанда ЖӨБ аткаруучу органдарынын башчыларын шайлоонун бирдиктүү системасы болушу керек, бирок ошону менен бирге шаар мэрлери жергиликтүү кенештердин депутаттары тарабынан кыйыр шайлоо аркылуу тандалып алынышы, ал эми айыл өкмөтү калк тарабынан түз шайланышы керек. Так ушундай система керек, себеби, айылдарда калктын саны шаарларга караганда азыраак, жана айыл жергесинде түз шайлоолорду өткөрүү шаарга караганда аз каражатты талап кылып, анча деле чон кыйынчылыктарды туудурбайт.

*ӨЭУ окулу, Ош облусу*

Мен – ЖӨБ аткаруучу органдарынын башчыларын шайлоонун бирдиктуу системасынын болушун жана түз шайлоону жактайм. Өз айылынын же шаарынын башында кимди каалагандыгын жергиликтүү калк өзү чечиши керек. Бирок коомчулуктун ЖӨБ башчыларын шайлоо системасын өз алдынча аныктоосу тууралуу маселе келечекте каралышы мүмкүн. Ал эми азыр эксперимент катары бир нече округдарда өткөрүлсө болмок.

*ӨЭУ окулу, Ысык-Көл облусу*

ЖӨБ башчысын түз шайлоо жана ЖӨБ башчыларын шайлоонун бирдиктүү системасы – бул нерселер биздин элге керек, себеби биз, ар бир адамга шайлоо укугун камсыздаган демократиядан “аттап секирип” өтүп кете албайбыз.

*Шаардык кенештин депутаты, Ысык-Көл облусу*

- **Эксперттин көз карашы**

Конституциянын долбоору, келечекте жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө жаңы Мыйзамды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн камтыйт. Бул мыйзам аткаруучу органды түзүүнүн жаны системасын, анын ичинде: аткаруучу ЖӨБ органдарынын башчылары (шаар мэрлери, айылдык жана поселкалык башкармачылыктарынын башчылары) кандай жол менен тандалып алынышы керек – калк тарабынан түз шайлоо аркылуубу же жерпгиликтүү кенештин депутаттары тарабынанбы (кыйыр шайлоо). деген суроого да жооп бериши керек.

Конституциянын долбоору келечекте ЖӨБ тууралуу жаңы Мыйзам кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоодо. Бул Мыйзам аткаруу органдарынын түзүлүү жаны системасын, анын ичинде, ЖӨБ аткаруу органдарынын башчылары (шарлардын мэрлери, айылдык жана поселкалык башкармалардын жетекчилери) кандай ыкма менен — калктын катышуусу менен түз шайланышыбы, же жергиликтүү кенеш тарабынан (кыйыр) шайланышы керекпи деген суроого жооп бериши керек.

Дагы бир варианты бар: аткаруу оргадын башчысын жергиликтүү кенеш же анын төрагасы тарабынан дайындоо (жергиликтүү кеңеш тарабынан соңку бекитүү менен).

Демек, системаны жаңы Мыйзам аныктайт. Бирок, мындай тандоонун (дайындоонун) ыкмасын жана жападан жалгыз түзүлүүгө (мэрди же шаар башкармалыгынын жетекчисин тандоо же дайындоо) кабыл алууга биз милдеттүү эмес экенибизди билишибиз керек. Аталган кызмат кишилерин тандоо же дайындоо жолунун эркиндигин Мыйзам жергиликтүү коомчулуктун өзүнө берип койсо деле болмок.

Эгер жергиликтүү коомчулук өз алдынча тандоонун конкреттүү ыкмасын табуу боюнча кыйналып жатса (түз же кыйыр шайлоолор, же дайындоо жолу (жергиликтүү кенеш тарабынан дайындоо, же кеңештин төрагасы тарабынан, жергиликтүү кеңештин соңку бекитүүсү менен), анда мыйзам жобосу өз күчүнө кирет.

Ал эми, аткаруу органдарынын башчылары түз же кыйыр шайлоолор аркылуу тандалып алынуусу керек экендиги тууралуу айтсак, анда мыйзам төмөндөгөдөй бекитип койсо да болмок:


«Эгер, белгилүү бир жергиликтүү коомчулуктун Уставы таранына башка ыкма бекитилбесе, анда мэрлер жана шаар башкармачылктардын жетекчилери жергиликтүү кеңеш тарабынан шайланат. Тандоо шарттары, мэрдин жана шаар башкармалыгынын жетекчисинине кызмат ордуна карала турган кандидаттарга болгон талаптар, шайлоо ыкмасы жергиликтүү кеңештин, жергиликтүү кеңештин жалпы санынын үчтөн-эки бөлүгүнөн кем эмес добуш аркылуу чечими же Уставы менен аныкталат».

Бул келечектеги Мыйзамды абдан ийкемдүү жана демократиялуу, ал эми эң негизгиси, туруктуу кыла алат. Мындай Мыйзам ар бир жергиликтүү коомчулукка өзүнө гана тийиштүү болгон маанилүү маселелерин өз алдынча, борбордук органдардын кийлигишүүсү жок эле чечип алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай Мыйзамды кабыл алуу менен, келечектеги Жогорку Кеңеш ар түрдүү жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына көңүл буруп жаткандыгын көрсөтүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун идеясын баса белгилейт.

## Айыл округдарын кошуу Кыргызстанга керекпи?

Айыл жергесиндеги респонденттерге эки кошумча суроого жооп берүү сунушталды: а) айылдык округдарды кошуу мүмкүнчүлүгү жана зарылчылыгы тууралуу, б) жарандарын оюу боюнча, административдик-территориалдык бирдиктер кантип аталышы керек.

Жалпысына, айылдык округдарды кошуу жактагандардын саны жети облустун бардык айылдык округдарынан 1421 респонденттин ичинен 933ту түзүп, ал 65,6%ды түздү. Ошону менен бирге, түрдүү аймактарда пикирлер ар башка болду. Мисалы, Жалал-Абад (84,4%), Ысык-Көл (65%), Баткен (98%), Ош (80,5%) жана Нарын (66%) облустарынын жашоочуларынын көпчүлүгү икошуунун зарылчылыгын айтса, Чуй жана Талас облустарынын тургундары башкача пикирде болушту: Чуй облусунун АОнун респонденттеринин 63, 6%ы жана Талас облусунан 77,1% ирилештирүү болбой тургандыгын айтышты.




- **<u>Тирүү ойлор::</u>**

Ооба, айыл округдарын кошуу керек, себеби, калкы аз сандагы аймакта жергиликтүү коомчулук өнүкпөйт, адамдар начар жашашат. Ал эми калктын саны көп жерде жергиликтүү экономика да өнүгүүдө.

***ӨЭУ өкүлү, Ош облусу***

Мен айыл өкмөтүн кошууга абдан каршымын, себеби калктуу пункттар бири-биринен алыс жайгашкан. Жергилкиктүү тургундар, аппараттан кандайдыр бир тастыктаманы же иш кагазын алуу учун 30 км ге чейинки аралыкты ат менен басып өтүшөт. Биздин жолдордун абалы начар, инфраструктура жокко эсе; айыл өкмөтүнө мындан да ашыкча кыйынчылыктын кереги эмне?

***Мэрия өкүлү, Бишкек ш.***

Аыл өкмөттөрүн кошуу керек. Биздин Түп районунда 14 айыл өкмөтү бар. Мынчалык көптүн эмне кереги бар? Мындан аз эле административдик күч менен деле иштемекпиз. Мындай кошуу каражаттарды гана үнөмдөбөстөн, анын менен бирге ЖӨБ иш-аракеттерин да жакшыртмак: бардык эле жерде ЖОБ өз кызматтарынын денгээлин өз алдынча жогорку сапатка жеткирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес, себебеи аталган аймакта экономикалык активдүүлүк жок.

***Районду кенештин депутаты, Ысык-Көл облусу***

Айыл өкмөттөрүн кошууну жактаймын. Эки критерийдин негизинде коошуу керек деп ойлойм: калктын саны жана географиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен.

***Шаардык кенештин депутаты, Ысык-Көл облусу***

Айыл өкмөттөрүн кошуу керек, себеби бизде эки гана айылды камтыган айыл өкмөттөрү да бар. Бул эмне деген округ? Эч кандай өнүгүү, кыймыл-аракет жок, калктын саны аз, ЖӨБ өзүн-өзү актабайт.

***Районду кенештин депутаты, Нарын облусу***


Айылдык округдарды кошуу, алардын географиялык жайгашуусун, адатта, айылдарды ортосундагы аралыкты эске алуу зарыл. Айыл тургундары кыйналып калышы ыктымал: кандайдыр бир тастыктама үчүн алыс баруу керек болот. Ошондуктан, мен айылдык округдарды кошууну сунуштоо менен бирге, ар бир

айылда тастыктама же башка иш кагаждарын бере ала турган толук ыйгарым укугу бар айыл өкмөттөрүнүн өкүлдөрүнүн болуу мумкүнүлүгүн эске алууну суранам.

***Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын өкүлү, Нарын облусу***

➢ **<u>Эксперттин көз карашы</u>**

Бул суроого бир жактуу жооп жок, себеби кошуу маселеси ЖӨБ эффективдүүлүгүнө байланышкан. Мындан сырткары, муниципалитетке кирген калктуу пункттардын саны, калктуу пункттардын ортосундагы аралыктары, калктын саны сыяктуу жагдайлар менен түздөн-түз байланышы бар. Муниципалитет жана анын территориясы канчалык чон болсо, ошончолук аны башкаруу кыйын, жана аны менен бирге башкаруу процесстеринин бюрократиясы жогору болот. Мындай жагдайда эн жакшы чечим – мындай абалдын объективдүү зарылчылыгын сезген муниципалитеттердин өз каалоосу менен биригиши болот. Өзү тарабынан мамлекет келечекте, экономикалык көз караштан улам, муниципалитеттердин эффективдүү биригүүсүн максаттуу гранттарды берүү аркылуу колдоого алса болмок. Бирок бул нерсе республикалык бюджеттин толук жана туруктуулук шартында гана мүмкүн болот.




Турдуу облустардын айыл тургундарынын административдик-территориалдык бирдиктерайыл денгээлинде кандай аталуусу керек экендиги тууралуу да пикирлери бөлүнүп кетти. Жалпы пикир «айылдык округ» (52,6%) деген аталышка бирикти. Жалал-Абад жана Баткен облустарынын копчулугу «аймак» (56,2% жана 56%) деген аталышты жакташты.

## Резюме

Сурамжылоо ар кайсы региондогу ар кайсы маселелердеги айрмачылыктарды көрсөтүп турат, анын ичинен башчыларды шайлоо түрлөрү боюнча ар кандай көз караштар. Айылдык округдарды кошуу боюнча да ар кандай айырмачылыктар бар. Бул айырмачылыктар кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын ар кайсы регоиндогу элдин менталитетине, каада салтына ылайыктап өзгөртүп алууга мүмкүндүк берет.

Айтып коюшубуз керек, респонденттердин көпчүлүгү башчыларды шайлоо керек дегенге добуш беришти бирок ошол эле учурда бир регион менен экинчи региондун жооптору айырмаланып турат. Буга кошумча, башчыларды ким дайындашы керек деген суроого берилген жооптор да ар кайсы региондо ар башка болду.

Ар кайсы региондо башчыларды шайлоо керекби же дайындоо керекби деген суроолорго жооп ар түрдүү. Сурамжылоонун жыйынтыгы Кыргызстанга шайланып келген башчылар керек деген тыянака келсе болот, ал ЖӨАБ органдарынын ишин калк астында көзөмөлдөөнү жогорулатат. Шайлоо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчыларынын жана калктын ортосундагы эффективдүү диолгоду түзүүгө шарт түзөт. Шайлоо ЖӨАБ органдарына стимул берип ошол калктуу пункттардагы элдердин артыкчылыктарын эске алат.

# Сурамжылоонун толук жыйнтыгы

Географиялык камтуу жана респонденттердин характеристикасы

| Регион | Респонденттердин саны | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|
| | | Эркек, % | Аял, % |
| КРдин шаарлары боюнча баардыгы | 580 | 39,5 | 60,5 |
| Айылдык округдар | | | |
| Баткен областы (5 АО) | 200 | 40 | 60 |
| Жалал-Абад областы (8 АО) | 210 | 40 | 60 |
| Ысык-Көл областы (8 АО) | 200 | 40 | 60 |
| Нарын областы (6 АО) | 200 | 41 | 59 |
| Талас областы (11 АО) | 170 | 39,4 | 60,6 |
| Ош областы (7 АО) | 221 | 39,8 | 60,2 |
| Чуй областы (8 АО) | 220 | 40,4 | 59,6 |
| АО боюнча баардыгы | 1421 | 40 | 60 |
| **КР боюнча баардыгы** | **2001** | **39,9** | **60,1** |

| Регион | Сту-дент, % | Бюджет-ник, % | Жеке бизнес ишкерлери (жал-данып иштеген-дер), % | Өз алдынча иштөө (бизнеса ээси, ЧП, фермер жана баш-ка), % | Пенсио-нер, % | Жумуш-суздар, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Шаарлар | 9 | 19 | 15 | 21 | 15 | 21 |
| Баткен областы | 9 | 12 | 17 | 30,5 | 13,5 | 17,5 |
| Жалалабад обл. | 10 | 25,2 | 19,5 | 20 | 20,5 | 4,8 |
| Ысык-Көл областы | 9,5 | 13,5 | 12,5 | 24 | 17 | 23,5 |
| Нарын областы | 10 | 26,5 | 10,5 | 11,5 | 13,5 | 28 |
| Талас областы | 4 | 12 | 19 | 28 | 12 | 25 |
| Ош областы | 10,4 | 19 | 6,8 | 14,5 | 21,3 | 28 |
| Чуй областы | 7,3 | 22,3 | 18,2 | 18,2 | 11 | 23 |
| **КР боюнча баардыгы:** | **10** | **21** | **15** | **19** | **16** | **19** |

Шайлообу же дайындообу?

| Регион | Респонденттердин саны | Шайлоо | | Дайндоо | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | % | саны | % |
| Шаарлар | 580 | 419 | 72 | 161 | 28 |
| Айылдык округдар | 1421 | 967 | 68 | 454 | 32 |
| Баткен областы | 200 | 141 | 70,5 | 59 | 29,5 |
| Жалалабад обл. | 210 | 172 | 81,9 | 38 | 18,1 |
| Ысык-Көл областы | 200 | 135 | 67,5 | 65 | 32,5 |
| Нарын областы | 200 | 112 | 56 | 88 | 44 |
| Талас областы | 170 | 119 | 70 | 51 | 30 |
| Ош областы | 221 | 131 | 59,3 | 90 | 40,7 |
| Чуй областы | 220 | 157 | 71,4 | 63 | 28,6 |
| **КР боюнча баардыгы:** | **2001** | **1386** | **69,3** | **615** | **30,7** |

## Башчыларды жана мэрлерди ким дайындаш керек?

| Регион | Баары | Президент аркылуу | | Премьер-министр аркылуу | | Аким аркылуу | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | % | саны | % | саны | % |
| Шаарлар | 161 | 57 | 35 | 67 | 42 | 37 | 23 |
| Айылдык округдар | 451 | 142 | 31 | 143 | 32 | 166 | 37 |
| Баткен областы | 59 | 13 | 22 | 42 | 71 | 4 | 7 |
| Жалалабад обл. | 37 | 7 | 19 | 20 | 54 | 10 | 27 |
| Ысык-Көл областы | 65 | 14 | 21 | 9 | 14 | 42 | 65 |
| Нарын областы | 88 | 64 | 73 | 5 | 6 | 19 | 21 |
| Талас областы | 49 | 3 | 6 | 27 | 55 | 19 | 39 |
| Ош областы | 90 | 12 | 46 | 22 | 24 | 56 | 62 |
| Чуй областы | 63 | 29 | 46 | 18 | 29 | 16 | 25 |
| **КР боюнча баардыгы:** | **612** | **199** | **32** | **210** | **34** | **203** | **33** |

## Шайлоо кандай болуш керек?

| Регион | Баары | Туз шайлоо | | Кенештин депутаттары аркылуу шайлоо | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | % | саны | % |
| Шаарлар | 419 | 300 | 72 | 119 | 28 |
| Айылдык округдар | 968 | 691 | 71 | 277 | 29 |
| Баткен областы | 141 | 105 | 74 | 36 | 26 |
| Жалалабад обл. | 172 | 155 | 90 | 17 | 10 |
| Ысык-Көл областы | 135 | 100 | 74 | 35 | 26 |
| Нарын областы | 112 | 75 | 67 | 37 | 33 |
| Талас областы | 120 | 86 | 72 | 34 | 28 |
| Ош областы | 131 | 53 | 40 | 78 | 60 |
| Чуй областы | 157 | 117 | 74,5 | 40 | 25,5 |
| **КР боюнча баардыгы:** | **1387** | **991** | **71** | **396** | **29** |

## Башчылыка же мэрлике талапкер жергиликтуу кенештин депутаттарынын ичинен чыгышы керекби?

| Регион | Респонденттердин саны | Чыгышы керек | | Чыгышы керек ЭМЕС | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | % | саны | % |
| Шаарлар | 580 | 195 | 34 | 385 | 66 |
| Айылдык округдар | 1421 | 601 | 42 | 820 | 58 |
| Баткен областы | 200 | 117 | 58,5 | 83 | 41,5 |
| Жалалабад обл. | 210 | 55 | 26 | 155 | 74 |
| Ысык-Көл областы | 200 | 93 | 46,5 | 107 | 53,5 |
| Нарын областы | 200 | 120 | 60 | 80 | 40 |
| Талас областы | 170 | 96 | 43 | 125 | 57 |
| Ош областы | 221 | 49 | 29 | 121 | 71 |
| Чуй областы | 220 | 71 | 32 | 149 | 68 |
| **КР боюнча баардыгы:** | **2001** | **796** | **40** | **1205** | **60** |

## Айылдык округдарды кошуш керекби (укрупнение)? Суроо айыл тургундары учун

| Регион | Респонденттердин саны | Керек | | Кереги ЖОК | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | % | саны | % |
| Баткен областы | 200 | 196 | 98 | 4 | 2 |
| Жалалабад обл. | 210 | 178 | 85 | 32 | 15 |
| Ысык-Көл областы | 200 | 130 | 65 | 70 | 35 |
| Нарын областы | 200 | 132 | 66 | 68 | 34 |
| Талас областы | 221 | 39 | 23 | 131 | 77 |
| Ош областы | 170 | 178 | 80,5 | 43 | 19,5 |
| Чуй областы | 220 | 80 | 36 | 140 | 64 |
| **КР боюнча баардыгы:** | **1421** | **933** | **66** | **488** | **34** |